КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ

БАРСКООН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕНЕШ БАРСКООНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Барскоон айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин**
**I -чакырылышынын III-кезектеги сессиясынын**

# ТОКТОМ

2025-жылдын 14-февралы №14 Барскоон айылы

**Жергиликтүү бюджеттен социалдык муктаждыктарга**
**акча каражатын бөлүп берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамынын 29-беренесине ылайык, Барскоон айылынын тургундары Ж.Рыскулованын, Н.Орозакунованын, Тамга айылынын тургундары Б.Усупованын, Н.Раманкулованын акча каражатынан жардам берүүсү тууралуу кайрылууларын карап, социалдык маселелер боюнча туруктуу комиссиянын корутундусунун негизинде Барскоон жергиликтүү кеңеши **токтом кылат:**

1. Барскоон айыл аймагынын төмөндөгү тургундарына материалдык жардам катары акча каражаты бөлүнүп берилсин:
   - Ж.Рыскулованын жолдошунун дарылануусуна – 30 000 (отуз миң) сом;
   - Н.Орозакунованын инисинин дарылануусуна – 30 000 (отуз миң) сом;
   - Б.Усупованын кызынын дарылануусуна – 30 000 (отуз миң) сом;
   - Н.Раманкулованын кызынын дарылануусуна – 30 000 (отуз миң) сом.
2. Барскоон айыл өкмөт башчысы А.Т.Асанбаев айыл өкмөтүнүн резервдик фондунан жалпы 120 000 (бир жүз жыйырма миң) сом өлчөмүндө акча каражатын бөлүп берүүнү уюштурсун.
3. Токтом айыл аймактын веб-сайтына жарыялансын.
4. Токтомду веб-сайтка жарыялоо жана Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актылар реестрине каттоо кеңештин жооптуу катчысы Н.Шабданбаевага милдеттендирилсин.
5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы жергиликтүү кеңештин каржы-экономикалык, бюджет жана инвестиция тартуу боюнча туруктуу комиссиясына жана аткаруу жагы айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы А.Т.Асанбаевге тапшырылсын.

**Төрага** **Ажыбеков Ч.А.**

Жиберилди: айылдык кеңештин иш кагаздарына 1-нуска, юстицияга -2 нуска, айыл өкмөтүнүн иш кагаздарына -1 нуска, баардыгы – 4 нуска